**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ,**
**ТОҢ РАЙОНУ**
**АК-ТЕРЕК АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**ТОНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АК-ТЕРЕКСКОГО**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

---

**Эл депутаттарынын VII – чакырылышынын XX – кезексиз сессиясынын**
**Т О К Т О М У**

15-март 2023-жыл **№ 1** Кара-Коо айылы

**Ысык-Көл облусунун Тоң районунун Ак-Терек айыл аймагынын "айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациясынын" аймагынын чек араларын бекитүү жөнүндө**

---

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 17-бөлүгүнө ылайык, берилген иш-кагаздарын карап чыгып, жергиликтүү коомдук өз алдынча башкаруу органын эсептик каттоо максатында Ак-Терек айыл аймагынын айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Ысык-Көл облусунун Тоң районунун Ак-Терек айыл аймагынын "Айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациясы" аймактык коомдук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы (ТОС) эсептик каттоого алынсын.
2. Ысык-Көл облусунун Тоң районунун Ак-Терек айыл аймагынын ТОС "Айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациясынын" аймагынын чек аралары Ак-Терек айыл аймагынын административдик чектерине ылайык бекитилсин.
3. Ак-Терек айыл өкмөтүнүн айылдык кеңештин ыйгарым укуктуу адиси тарабынан жүргүзүлгөн ТОС органдары каттоо журналына киргизилсин.
4. Бул токтом каттоого алынып Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларынын реестрине киргизүү үчүн Ысык-Көл областтык Юстиция башкармалыгына жиберилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Ак-Терек айыл өкмөтүнүн башчысы Т.А.Калыковго жана Ак-Терек айыл аймагынын айылдык кеңешинин депутаттык этика, регламент жана мандат, соц. маселелер, жаштар, спорт, билим берүү, саламаттыкты сактоо боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Куренкеева Ширин Оболкановнага милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.А.Мамбетов**

**Жооптуу катчы** **М.Б.Эсеналиева**